Улуттук банкта

Мырзакат ТЫНАЛИЕВ, “Кыргыз Туусу”

# Эми “Боз тизмеден” чыгабызбы?

***Акчаларды адалдоо менен күрөшүтө финансы чараларын иштеп чыгуу боюнча топтун (ФАТФ) баалоочу миссиясы Кыргызстандагы кылмыштуу жолдор менен алынган каражаттарды адалдоого каршы күрөшүү ишине оң баа берди.***

ФАТФнын Баалоочу тобу Кыргызстанга ФАТФ иштеп чыккан, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдоого каршы аракеттенүү боюнча Кыргыз Республикасындагы улуттук системаны текшерүү жана кемчиликтерин жоюу максатында келишкен. Бул программа 2011-жылы түзүлүп, Кыргызстан ФАТФ тарабынан тыкыр байкоого алынган өлкөлөрдүн катарына киргизилген. Буга ФАТФнын 33 сунушу боюнча байкоого алынган 49 өлкөнүн ичинде Кыргызстан эң төмөнкү баа алганы себеп болгон.

ФАТФ миссиясынын өкүлдөрү терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдоого каршы аракеттенүү боюнча улуттук система оң жагына өзгөрүп, Кыргызстанга сунуш кылынган көпчүлүк иш аракеттер аткарылганын баса белгилешти.

Алар КРнын көзөмөл органдарынын ишине оң баа беришти. Анын ичинде Улуттук банктын ишмердиги айтылды. ФАТФнын планын ишке ашыруу максатында УБ терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдоого каршы аракеттенүү боюнча лицензиялоо жана төлөм системалары тууралуу мыйзамдардын жаңы редакцияларын иштеп чыккан.

УБ ыйгарым укуктарынын алкагында коммерциялык банктар жана башка финансы-кредит мекемелердин ишмердигин мониторингге алып, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдоого каршы аракеттенүү боюнча мыйзамдар бузулган, же талаптар аткарылбаган учурда чара көрүп, текшерүүлөрдүн жыйынтыгы тууралуу маалыматтарды КРнын Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматына берип турат.

2013-жылы Улуттук банк 760 финансы-кредиттик уюм, анын ичинде коммерциялык банктар, банктык эмес финанс-кредиттик уюмдар, алмаштыруу бюролору боюнча маалыматтарды аталган кызматка берип, субъекттерге карата 578 чара колдонуп, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдоого каршы аракеттенүү мыйзамдарын аткарбагандыгы үчүн эки финансы-кредиттик уюмдун күбөлүктөрүн кайтарып алган.

Миссиянын Баалоочу тобунун Бишкектеги ишинин жыйынтыгы 16–20-июнда Москва шаарында өтүүчү ФАТФнын пленардык жыйынында талкууланып, Кыргыз Республикасынын статусу аныкталып, аны «боз тизмеден» чыгаруу каралмакчы.




# Бүгүн аукцион. Акча сатылат!

***Улуттук банктан билдиришкендей, 7-май күнү Г.Айтиев атындагы Кыргыз улуттук сүрөт музейинде саат 16:00дө учурда раритет болуп калышкан коллекциялык монеталардын аукциону болуп өтмөкчү. Аукционго 17 лот менен 25 даана монета коюлат. Алардын бири – алтын, а калгандары күмүш монеталар.***







Улуттук валютанын коллекциялык монеталарына азыркы учурда нумизматтар тарабынан гана кызыгуу жаралбастан, биздин жарандар ичинде аны сатып алуу каражаттарды келечектүү жайгаштыруу экендигине ынангандар да көбөйүүдө. Анткени, убакыттын өтүшү менен андай монеталардын наркы улам жогорулай гана бермекчи.

Кыргызстандагы мындай монеталардын нускасынын чектелгендиги да (күмүш монеталардыкы 1 миңден 3 миңге чейин жана алтын монеталардыкы 1 миңге чейин) алардын эксклюзивдүү, раритеттүүлүгүн шарттап турат. Эл аралык нумизматикалык рынокто Кыргызстандын коллекциялык монеталары КМШ мамлекеттеринин ичинде рейтинги эң жогору болушу да буга өбөлгө.

Коллекциялык монеталар жөнүндө маалымат бере кетсек, Улуттук банк тарабынан алгачкы алтын жана күмүш монеталар 1995-жылы “Манас” эпосунун 1000 жылдыгына арналып чыгарылган. 2000-жылы Ош шаарынын 3000 жылдыгына карата алтын монета чыгарылган.

Бул салт улантылып, 2010-жылы улуу инсаныбыз Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына арналган монеталардын сериясы Санкт-Петербургда эстелик монеталардын эл аралык конкурсунда ардактуу дипломго татыктуу болгон. 2011-жылы өлкөбүздүн көз карандысыздыгынын 20 жылдыгына карата “Эгемендүү Кыргызстан”, “Жеңиш чокусу” жана “Хан-Теңгри” монеталары чыгарылды. А ошол эле жылдын декабрында “Улуу Жибек жолу” жана “Биздин балдардын дүйнөсү” монеталары жасалган. 2012-жылы УБ “Ак илбирс”, “Комуз”, “Курманжан даткага 200 жыл” монеталарын чыгарды. 2013-жылы “Саймалуу таш”, “Жейрен”, “Кыргыз каганатынын доору” монеталары чыгарылса, а быйыл “Манастын күмбөзү”, “Үкү” жана “Барсбек – кыргыздардын каганы” монеталары чыгарылмакчы.

УБнын адистери маалымдашкандай, мындай монеталарды чыгаруу узак жолду басып өтөт. Алгач тапшырмалар берилип, сүрөтчүлөр тарабынан эскиздер чийилип, ал атайын комитет тарабынан жактырылып, анан монета короолоруна заказ берилет.

Аукционго коюлган монеталар бул ошол сериядагы сатыкта жок калган монеталар. А калган монеталарды номиналдык баасында УБдан сатып алууга болот.